КЫРГЫЗ —ТҮРК БИРГЕЛЕШКЕН БИЛДИРҮҮСҮ

**(Кыргызстан жана Түркия: XXI кылымга бирге киребиз)**

Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаев Түрк Республикасынын Президенти С.Демирелдин чакыруусу боюнча 1999—жылы 1—2—июлда Түркияда расмий сапар менен болду.

Бул сапардын учурунда эки Президенттин бетме—бет жана кеңири чөйрөдө жолугушуусу болду.

Жолугушуулардын жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Президенти менен Түрк Республикасынын Президенти:

— кыргыз —түрк мамилелери ак ниет жана бири—бирине ишеним артуу мүнөзүндө экендигин канааттануу менен белгилешти;

— эки өлкө тең бири—бирине жардамга келүүгө даяр экендигин, жалпы проблемаларга бирге убайым чегип жана жетишкендиктерге чогуу кубаныша тургандыгын белгилешти;

— тили, тарыхы жана дини бир кыргыз жана түрк элдерине алдыда келе жаткан кылымга экономикалык жана социалдык өнүгүүнүн концепцияларынын бирдейлигинин негизинде достук жана боордоштук көпүрөлөрүн куруу жана чындоо жолу менен бирге кирүү мүмкүнчүлүгү туш келгендигин баса белгилешти;

— Кыргызстан менен Туркия элдерин тамыры кылымдардын тереңине кеткен эң байыркы тыгыз байланыштар бириктирип тургандыгын, б. а. 1991—жылы

жаңы кыргыз мамлекеттүүлүгү түзүлгөн тарыхый учурда Түрк Республикасы алгачкылардан болуп Кыргызстанга утурлай кадам таштап, анын көз карандысыздыгын таанып жана жаңы башталып жаткан демократиялык жана рыноктук кайра түзүүлөргө чексиз колдоо көрсөткөндүгүн, өнүгүүнүн түрк модели Кыргызстанга туура жолду тандап алууга жагымдуу таасир тийгизгендигин эскеришти;

— 1997—жылы Анкарада кол коюлган түбөлүк достук жөнүндөгү Келишим жалпыны кучагына алган базалык документ болуп калгандыгын баса белгилешти, анда эки өлкөнүн достук жана өз ара түшүнүшүүнүн духундагы үзүрлүү кызматташтыкты өнүктүрүүгө умтулгандыктары чагылдырылып, келечекте биргелешип аракеттенүүнүн негизги багыттары жана принциптери аныкталган;

— XXI кылымдын босогосунда Кыргызстан менен Туркия ортосунда эки тараптуу кызматташтыкты, Айкөл Манастын жети осуяты менен Улуу Ататүрктүн принциптерин жана кайра түзүүлөрүн кыргыз жана түрк элдеринин азыркы муундарына кылдат сактап жана өткөрүп берген биздин ата—бабаларыбыздын жакшы каада—салттарын бардык чаралар менен чыңдап жана өнүктүрүү үчүн эч кандай тоскоолдук жок экендигин белгилешти;

— Түркия жалпы түрк тарыхынын руханий жана маданий баа жеткис энциклопедиясы болуп калган байыркы «Манас» эпосун кеңири таанытууга зор салым кошкондугун, анын 1000 жылдыгына арналган юбилейлик иш—чараларды даярдоого жана өткөрүүгө өтө жигердүү катышкандыгын эскеришти;

— мезгил ички экономикалык өнүгүүнүн жана

өнөктөштүктүн, кызматаштыктын, өз ара ишеним көрсөтүүнүн, биргелешкен күч—аракеттин жана бекем эрктин негизинде тынчтыкты жана эл аралык коопсуздукту чындоо милдеттерин чечүүнү талап кылып жаткандыгын баса белгилешти;

— Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы мамилелердин ырааттуу терендеши эки өлкөгө гана пайда алып келбестен, ошондой эле бүткүл евроазия мейкиндигиндеги кырдаалга дурус таасирин тийгизе тургандыгын баса белгилешти;

— Кыргызстан менен Түркиянын өз ара мамилелери XXI кылымда эки өлкөнүн тышкы саясий концепцияларынын айкалуушусунун, өз ара ишеним көрсөтүүнүн жана таламдарды урматтоонун, өз ара мамилелердин прагматикалык, ошону менен бирге руханий жактан байыган моделин түзүү максатында узак мөөнөттүү келечектин негизинде өнүгүүгө тийиш экендиги жөнүндө пикирге макул болушту;

Жолугушууларда:

— Улуу Жибек жолун кайра жаратуу жана Чыгыш менен Батыштын өлкөлөрүнүн ортосунда бардык чөйрөлөрдөгү кызматташтыкты активдештирүү максатында Кыргызстан алдыга койгон тышкы саясий «Жибек жолу дипломатиясы» концепциясын талкуулашты. Түрк Тарап азыркы шартта дал Улуу Жибек жолунда маданияттар кыйла жигердүү байып, билим, философиялык жана руханий байлыктар кеңири алмашылгандыгын эске алуу менен ушул

доктринанын чегинде жигердүү биргелешип аракеттенүүгө даяр экендиги белгиленди;

— дүйнөлүк эл аралык маселелерди биргелешип чечүүдө эл аралык кеңири жана ар тараптуу кызматташтыктын жактоочулары катары Кыргызстан менен Түркия «Жибек жолу дипломатиясы» доктринасынын негизинде бангиликке каршы, экстремизмге каршы, терроризмге каршы, сепаратизмге каршы жана фундаментализмге каршы өнүттөн чыга тургандыктары баса белгиленди;

— бардык деңгээлдерде визиттерди туруктуу алмашуу, эки тараптуу жана көп тараптуу кызматташтыктын чегинде парламенттер аралык байланыштарды күчөтүү жолу менен эки өлкөнүн ортосундагы саясий диалогду андан ары интенсивдештирүүнү жана анын натыйжалуулугун жогорулатууну камсыз кылууга макулдашылды;

— келишимдик—укуктук базаны Кыргызстан менен Түркиянын ортосунда тең укуктуу өнөктөштүктү, достукту жана кызматташтыкты андан ары тереңдетүү боюнча жагымдуу шарттарды түзүү үчүн өз ара мамилелердин жана узак мөөнөттүү келечектин өсүп жаткан деңгээлине ылайык келтирүү жолу менен аны өркүндөтүүгө толук чечкиндүүлүк билдирилди;

— Кыргыз Республикасы менен Түрк Республикасынын ортосундагы соода—экономикалык кызматташтык боюнча Өкмөттөр аралык комиссиянын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуунун зор мааниси белгиленди, ал комиссиянын иши келечекте чарбалык талаштардын жана пикир келишпестиктердин болуп кетишине жол бербөөгө багытталууга тийиш;

— ушуга байланыштуу соода—экономикалык чөйрөдөгү чечилбеген проблемалар Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы жакшы мамилелерге терс таасирин тийийгизбөөгө тийиш экендигин билдирген Түрк Тараптын позициясына Кыргыз Тараптын канааттангандыгы билдирилди;

— эки мамлекеттин региондорунун, өнөр жай жана эркин экономикалык аймактарынын ортосунда түздөн—түз чарбалык—ишкердик, боордоштук байланыштарды орнотууга бардык чаралар менен колдоо көрсөтүүнүн пайдалуу экендиги баса белгиленди;

— ТИКАнын, кыргыз—түрк ишкер Кеңешинин, ТҮРКСОЙдун жана Ататүрк атындагы Эл аралык фонддун ишине бардык чаралар менен колдоо көрсөтүүнүн, ошондой эле чыгармачыл жамааттарды алмашууну кеңейтүүнүн, Түрк маданиятынын Кыргызстандагы күндөрүн жана Кыргыз маданиятынын Түркиядагы күндөрүн кезектешип өткөрүүнүн жана башка эки боордош элдин маданиятын өз ара байытуу үчүн шарт түзүү боюнча башка иш—чаралардын маанилүү экендиги белгиленди;

— дүйнөлүк өнүгүүнүн глобалдашуу доорунда Тараптар жанжалдарды болтурбоо жана индивиддердин, этностордун, диндердин жана мамлекеттердин ортосундагы мамилелерде демократиялык принциптердин салтанат курушу үчүн маанилүү өбөлгө болуп саналган сабырдуулук маданиятын жана толеранттуулукту ырастоону жактай тургандыктары билдирилди;

— Кыргыз Тарап Бишкекте Кыргыз—Түрк тынчтык жана толеранттуулук институтун түзүүнү сунуш кылды; Түрк

Тарап бул сунушту кунт коюу менен иликтей тургандыгы белгиленди;

— Евроазиянын түрк тилдүү жаңы мамлекеттери өз тарыхында биринчи жолу дүйнөлүк коомчулуктун суверендүү субьекттери болуп калып жана дүйнөлүк чарбалык байланыштарга жигердүү аралашып жаткан азыркы учурда түрк тилдүү элдердин жана коомдордун Курултайы жана түрк тилдүү мамлекеттердин Саммити боордош элдердин ортосундагы маданий—гуманитардык мамилелерди чыңдоо жана бирдиктүү маданий—тарыхый мейкиндикти түзүүнүн маанилүү каражаты болуп кала тургандыгы белгиленди;

— Манас атындагы кыргыз—түрк университетинин ачылышы илим—билим берүү жагындагы кызматташтыктын эң маанилүү окуяларынан болгондугу белгиленди, ал университет Түрк Тараптын инвестициялык колдоосу астында биргелешкен күч—аракет менен түзүлүп, XXI кылымдын үлгүлүү окуу жайларынан болуп калууга тийиш экендиги белгиленди; Тараптар Түркия менен Кыргызстандын ортосундагы билим берүү чөйрөсүндөгү кызматташтыкка канааттанышат; келечектин маалыматтык доору үчүн жогору квалификациялуу кадрларды даярдоо жана илимдин артыкчылыктуу багыттары боюнча негиздүү изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн студенттерди, окутуучуларды жана илимпоздорду алмашып турууга зор маани беришет; түрк таануу жагындагы изилдөөлөрдүн биргелешкен институтун түзүүнүн максатка ылайыктуулугу талкууланды;

— эки өлкөнүн жалпы бакубаттыгынын ачкычы

биримдикте, боордоштукта жана коом турмушунун бардык чөйрөлөрүндөгү узак мөөнөттүү өз ара пайдалуу кызматташтыктын ишенимдүү жол–жоболорун түзүүдө экендиги баса белгиленди; эки өлкөнүн элдери жаңы кылымга Түркия менен Кыргызстандын балдары сыймыктана турган бирдиктүү рухий–маданий мурас менен өз ара байып кирүүгө тийиш деген бекем ниет билдирилди.

Тараптар Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаевдин бул сапары түрк–кыргыз достугун, боордоштук жана кызматташтыгын андан ары өнүктүрүү жана чыңдоо жагында өтө пайдалуу жана үзүрлүү болду деген бир пикирге келишти.

Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаев Түрк Республикасынын Президентин Кыргызстанга расмий сапар менен келүүгө чакырды, жана ал чакыруу ыраазычылык менен кабыл алынды. Сапардын мөөнөттөрү дипломатиялык каналдар боюнча аныкталмакчы.

Анкара, 1–июль 1999–жыл

**Кыргыз Республикасынын Президенти**

**Түрк Республикасынын Президенти**

## KIRGIZİSTAN-TÜRKİYE ORTAK BİLDİRİSİ
## ( KIRGIZİSTAN VE TÜRKİYE : BİRLİKTE 21. YÜZYILA )

Kırgızistan Cumhuriyeti Cumhurbaşkanı Sayın Askar Akaev Türkiye Cumhuriyeti Cumhurbaşkanı Sayın Süleyman Demirel'in daveti üzerine 1-2 Temmuz 1999 tarihlerinde Türkiye'ye resmi bir ziyarette bulunmuştur.

Ziyaret sırasında iki Cumhurbaşkanı gerek başbaşa gerek kendi başkanlıkları altında heyetlerarası görüşmelerde bulunmuşlardır.

Kırgızistan Cumhuriyeti Cumhurbaşkanı ve Türkiye Cumhuriyeti Cumhurbaşkanı bu ziyaret sırasında yaptıkları görüşmelerde:

- Kırgız-Türk ilişkilerinin çok sıcak ve samimi bir nitelik kazandığını memnuniyetle müşahade etmişler;

- İki ülkenin birbirlerine daima destek olmaya hazır bulunduklarını ve ortak sıkıntılara birlikte üzüldüklerini, başarılara birlikte sevindiklerini memnuniyetle not etmişler;

- Ortak dil, tarih ve inanç ile ekonomik ve sosyal kalkınma modellerindeki benzerliğe dayanan dostluk ve kardeşlik köprülerini kurma ve geliştirme yoluyla gelecek yüzyıla birlikte adım atma hususunda Kırgız ve Türk halklarının önünde emsalsiz bir fırsat bulunduğunu kaydetmişler;

- Kırgız ve Türk halklarının, kökleri yüzyıllara uzanan bağlarla birbirlerine kenetlenmiş olduklarını, 1991 yılında Yeni Kırgız Devletinin kurulduğu tarihi günlerde, Türkiye Cumhuriyetinin, Kırgızistan'a dostluk elini uzatan ilk ülke olduğunu, Kırgızistan'ın bağımsızlığını hemen tanıdığını ve başlatılan demokratik ve ekonomik reformlara paha biçilemez destek sağladığını ve Kırgızistan'ın kendi yolunu bulmasında, Türkiye'nin kalkınma modelinin hiç kuşkusuz olumlu bir etki yapmış olduğunu dile getirmişler;

- 1997 yılında Ankara'da imzalanan Ebedi Dostluk ve İşbirliği Antlaşmasının, iki ülke arasında mevcut verimli işbirliğini dostluk ve kardeşlik anlayışına uygun olarak geliştirme arzusunu yansıtan temel ve kapsamlı bir belge niteliğini taşıdığını ve geleceğe yönelik işbirliğinin ilkelerini ve ana yönelimlerini belirlediğini vurgulamışlar;

./..

- 21. Yüzyılın arifesinde, Kırgız ve Türk Milletlerinin Yüce Manas'ın yedi kutsal nasihatını ve Büyük Atatürk'ün ilke ve inkılaplarını özenle koruyarak hoşgörü geleneklerinin ve Kırgızistan ile Türkiye arasındaki ikili ilişkilerin mümkün olduğunca geliştirilmesi ve pekiştirilmesi yolunda hiçbir engel bulunmadığını kaydetmişler;

- Türk dünyasının ortak tarihinin en kapsamlı metni olan Manas Destanı'nın manevi ve kültürel değerlerinin tanıtımına Türkiye'nin büyük katkılar sağlayarak, bu eserin 1000. Yıldönümü kutlamalarının gerçekleştirilmesine en aktif desteği vermiş olduğunu dile getirmişler;

- Çağımızın, ülkelerin ekonomik kalkınma sorunlarının çözümlenmesi, ortaklık ve işbirliği temelinde barışın ve uluslararası güvenliğin güçlendirilmesi için karşılıklı güven, ortak eylem ve güçlü iradeyi zorunlu kıldığını vurgulamışlar;

- Kırgızistan ile Türkiye arasındaki ilişkilerin giderek derinleştirilmesinin, sadece iki ülkeye yarar sağlamakla kalmayıp, tüm Avrasya bölgesine de olumlu etki yapabileceği görüşünü belirtmişler;

- Kırgızistan ve Türkiye arasındaki ilişkilerin 21. Yüzyılda, iki ülkenin dış siyaset anlayışlarının uyumu temelinde, karşılıklı güven ve çıkarlara saygı çerçevesinde, uzun vadeli bir geleceğe yönelik, pragmatik ve aynı zamanda manevi yönden güçlü bir model doğrultusunda geliştirilmesinin hedef alınması konusunda görüş birliğine varmışlardır.

Görüşmelerde :

- Kırgızistan'ın, Büyük İpek Yolu'nun canlandırılması ve Doğu ile Batı ülkeleri arasındaki işbirliğinin her alanda hızlandırılmasını sağlamak amacıyla açıklamış olduğu, "İpek Yolu Diplomasisi" başlıklı dış siyaset doktrini üzerinde durulmuş; Büyük İpek Yolu'nda kültürlerin karşılıklı etkileşim sonucunda zenginleştiğini, bilginin ve manevi değerlerin etkin bir şekilde değişiminin gerçekleştiğini dikkate alan Türk tarafının, bugünkü koşullarda, sözkonusu doktrin çerçevesinde etkin şekilde müşterek hareket etme kararlılığı dile getirilmiştir;

- Küresel sorunların çözümünde kapsamlı ve etkin bir uluslararası işbirliğinin kararlı destekçileri olan Kırgızistan ve Türkiye'nin İpek Yolu Diplomasisi çerçevesinde, uyuşturucu kaçakçılığına, köktendinciliğe, toplumsal düzen ve istikrarı bozucu her türlü aşırılığa, terörizme ve bölücülüğe karşı oldukları vurgulanmıştır;

- İkili ve çok taraflı işbirliği çerçevesinde, her seviyede karşılıklı düzenli ziyaretlerin gerçekleştirilmesi ve iki ülke Parlamentoları arasındaki ilişkilerin güçlendirilmesi yoluyla, siyasi diyaloğun daha da etkin hale getirilmesi hususunda mutabık kalınmıştır;

./..

- Kırgızistan ile Türkiye arasındaki dostluk, işbirliği ve eşit ortaklık lişkilerinin derinleştirilmesi için elverişli koşulların oluşturulabilmesini teminen, hukuki ve ahdi çerçevenin, ikili ilişkilerin giderek yükselen düzeyine ve uzun vadeli perspektiflere uygun bir şekilde mükemmelleştirilmesine dair karşılıklı kararlılık beyan edilmiştir;

- İki ülkenin ticari ve ekonomik ilişkilerinde sorunların ortaya çıkmasının engellenmesini teminen, bu alandaki faaliyetlerinde Kırgızistan ve Türkiye arasında mevcut Karma Ekonomik Komisyon'un verimli bir şekilde çalışmasının ve etkinliğinin arttırılmasının hedef alınmasının önemi vurgulanmıştır;

- Bu vesileyle, ticari ve ekonomik alanda mevcut bazı sorunların, iki ülke arasında gelişmekte olan iyi ilişkileri olumsuz yönde etkilememesi için Türk tarafının benimsediği anlayışlı tutuma karşı Kırgız tarafı memnuniyetini dile getirmiştir;

- Her iki ülkede yerel yönetimler, sanayi kuruluşları ve serbest ekonomik bölgeler arasındaki işbirliği ile kardeşlik ilişkilerinin geliştirilmesine azami destek sağlanmasının yararının altı çizilmiştir;

- TİKA, Kırgız-Türk İş Konseyi, TÜRKSOY, Uluslararası Atatürk Vakfı gibi kuruluşların faaliyetlerinin önemine; iki ülke arasında sanatçı topluluklarının karşılıklı ziyaretlerini arttırmanın yararına dikkat çekilerek, karşılıklı olarak kültür günlerinin Kırgızistan ve Türkiye'de düzenlenmesine ve iki kardeş halkın kültürlerinin karşılıklı zenginleşmesine gerekli katkıları sağlayacak tüm faaliyetlere destek verilmesinin önemi vurgulanmıştır;

- Küreselleşme döneminde, devletler, dinler, etnik gruplar ve bireyler arası ilişkilerde demokratik ilkelerin galip gelmesi ve her türlü çatışmanın önlenebilmesi için en önemli koşul olan barış ve hoşgörü kültürünü yerleştirmeye ilişkin kararlılık kaydedilmiştir;

- Kırgız tarafınca Bişkek şehrinde Kırgız-Türk Barış ve Hoşgörü Enstitüsünün kurulması için ortak bir girişim başlatılması önerilmiş, Türk tarafı bu öneriyi hayırhahlıkla inceleyeceğini belirtmiştir;

- Avrasya'nın yeni Türk Cumhuriyetlerinin tarihlerinde ilk defa uluslararası camianın bağımsız üyeleri oldukları ve dünya ekonomik sistemine aktif bir şekilde katılma hakkını kazandıkları bu dönemde, Türk Cumhuriyetleri ve Toplulukları Kurultayları ile Türkçe Konuşan Ülkeler Zirvelerinin, kardeş halkların ekonomik ve kültürel ilişkilerinin kuvvetlendirilmesinde, ayrıca ortak tarihi ve kültürel alanın oluşturulmasında önemli araçlar haline gelmiş olduğu kaydedilmiştir.

./..

- Eğitim ve bilim alanında, iki ülke arasındaki işbirliğinde en önemli gelişmenin, Türkiye'nin yatırım desteği ve Kırgız-Türk ortak çabası ile kurularak 21. Yüzyılın örnek bir eğitim kurumu olma görevini üstlenen Kırgız-Türk Manas Üniversitesinin faaliyete başlaması olduğu; Kırgızistan ile Türkiye arasındaki eğitim işbirliğinin başarılı bir şekilde gelişiyor olmasından memnuniyet duyulduğu ve öğrenci, öğretim üyesi ve bilim adamı değişiminin mümkün olduğu kadar arttırılması yoluyla, gelecek yüzyıl için bilimin öncelikli alanlarında uluslararası düzeyde araştırmaların gerçekleştirilmesini teminen, üstün nitelikli bilim adamları yetiştirilmesine büyük önem atfedildiği belirtilmiş, ayrıca ortak bir Türkoloji araştırmaları Enstitüsünün oluşturulmasının yararı üzerinde durulmuştur.

- İki ülkenin ortak refahının anahtarının, birlik, kardeşlik ve kamu hayatının tüm alanlarında her iki tarafın yararına olacak uzun vadeli işbirliğinin somut yöntemlerinin hayata geçirilmesinde yattığı vurgulanmış; önümüzdeki yüzyıla Kırgız ve Türk çocuklarının gurur duyacağı manevi ve kültürel bir ortak miras ile her iki ulusun da zenginleşmiş olarak girmesi yönündeki irade açıklanmıştır.

Taraflar, Kırgızistan Cumhurbaşkanı Sayın Askar Akaev'in bu ziyaretinin, Kırgız-Türk dostluk, kardeşlik ve işbirliğinin daha da geliştirilmesi ve güçlendirilmesi açısından çok yararlı ve verimli bir ziyaret olduğu hususunda hemfikirdirler.

Kırgızistan Cumhuriyeti Cumhurbaşkanı Sayın Askar Akaev Türkiye Cumhuriyeti Cumhurbaşkanı Sayın Süleyman Demirel'i resmi bir ziyaret için Kırgızistan'a davet etmiş ve bu davet memnuniyetle kabul edilmiştir. Ziyaretin tarihleri diplomatik kanallardan belirlenecektir.

Ankara, 1 Temmuz 1999

Kırgızistan Cumhuriyeti
Cumhurbaşkanı

Türkiye Cumhuriyeti
Cumhurbaşkanı

S. Demirel